*Насиров Т.*

# КЫРГЫЗ АССРИНИН БИРИНЧИ КОНСТИТУЦИЯСЫ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

*Насиров Т.*

# СТРУКТУРА ГОСУДАРСТВЕННОГО УПРАВЛЕНИЯ ПО ПЕРВОЙ КОНСТИТУЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ АССР

*T. Nasirov*

# STRUCTURE OF PUBLIC ADMINISTRATION BY ON THE FIRST CONSTITUTION OF THE KYRGYZ ASSR

*УДК: 323.2 (575.2)*

*Макалада Кыргыз АССРнин түзүлүшү, анын алгачкы Конституциясынын кабыл алынышы, кыргыз элинин социалдык-саясий, экономикалык, маданий турмушундагы чоң өнүгүүлөргө өбөлгө болгондугу жана мамлекеттүүлүктү бекемдегендиги айтылган. Не дегенде автономдук республикада Советтердин съезди эң жогорку бийлик бутагы катары эсептелген. Ал эми аткаруу бийлигинин милдеттери Элдик Комиссарлар Кеңешинин моюнунда болгон. Алардын түрдүү тармакты көзөмөлгө алуусу үчүн Ички иштер, Юстиция, Агартуу, Саламаттыкты сактоо, Социалдык камсыздоо, Жер бөлүштүрүү, Финансы, Элдик чарба жогорку совети, Жумушчу-дыйканын спекциясы, Эмгек, Соода болуп 11 комиссириат түзүлгөн. Азыркы мезгилге салыштырып айтканда 11 министрлик болгон. Андан сырткары, ага Статистика башкармалыгы, Саясий башкармалык, План комиссиясы да кирген. Ошондой эле мамлекеттик башкаруунун түзүлүшүн так, даана түшүндүрүү максатында мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдарынын ар бирине токтолгон.*

***Негизги сөздөр:** Автономия, Конституция, съезд, Эл комиссарлар Совети, федерация, Эл комиссариаттары, мыйзам, мамлекеттүүлүк, тең укуктуулук.*

*В статье говорится о создании Кыргызской АССР, принятии ее первой Конституции, которая способствовала большому развитию социально-политической, экономической, культурной жизни, а также укреплению государственности. Поскольку съезд Советов считался высшим органом власти. Обязанности исполнительной власти возлагались на Совет Народных Комиссаров. Для регулирования различных отраслей были созданы 11 комиссариатов: внутренних дел, юстиции, образования, здравоохранения, социального обеспечения, земельного распределения, финансов, Верховный совет народного хозяйства, рабочее – крестьянская инспекция, труда, торговли. По сравнению с современностью были организованы 11 министерств. Кроме того, в него также вошли Управление статистики, политическое управление, план работы комиссии. В целях четкого разъяснения структуры государственного управления также были пояснения касательно государственной власти и каждого высшего органа власти.*

***Ключевые слова:** Автономия, Конституция, съезд, Совет Народных Комиссаров, федерация, Народный комиссариат, закон, государственность, равноправие.*

*The article talks about the creation of the Kyrgyz ASSR, the adoption of its first Constitution, which contributed to the great development of social, political, economic, cultural life, as well as the strengthening of statehood. Since the Congress of Soviets was considered the highest authority. The duties of the executive branch of government were assigned to the Council of People's Commissars.To regulate various branches, 11commissariats were created: internal affairs, justice, education, health care, social security, land distribution, finance, the Supreme Council of National Economy, the workers 'and peasants' inspectorate, labor and trade. Compared with the present, 11 ministries were organized. In addition, it also includes the Department of Statistics, the political department, the work plan of the commission. In order to clearly clarify the structure of government, there were also explanations regarding the state power and each supreme body of power.*

***Key words**: Autonomy, the Constitution, the Congress, the Council of people's Commissars, the Federation, the people's Commissariat, the law, statehood, equality.*

Кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишип, дүйнөнүн саясий картасынан Кыргыз Республикасы аттуу мамлекеттин орун алышы биз үчүн өзгөчө учур болгон. Мына ушул мамлекеттүүлүктүн пайдубалы Совет доорунда курулуп, анын алгачкы Конституциясы кабыл алынганына быйыл 30-апрелде 90 жыл толот.

Кыргыз АССРнин түзүлүшү, анын алгачкы Конституциясынын кабыл алынышы кыргыз элинин социалдык-саясий, экономикалык, маданий турмушундагы чоң өнүгүүлөргө өбөлгө болгон жана мамлекеттүүлүктү бекемдеген. Анткени, 1-чи Конституция автоном жумурияттын жаңы мамлекеттик жана коомдук түзүлүшүн бекиткен. Кыргызстанда жашаган бардык элдердин тең укуктуулугу жарыяланып, алар өз тилинде билим алуу укугуна ээ болушкан.

Бул биринчи Конституциянын кабыл алынышы оңой-олтон болгон эмес, б.а. бир топ эмгектерди талап кылган. 1927-жылы 12-декабрда Кыргыз БАКтын Президиуму курамында Манкиров, К.Абрамов, республиканын Ички иштер комиссары И.Жоломанов турган жаңы конституциялык комиссиясын түзүп, ага кийин КырБАКтын жаңы секретары А.Зубов тартылган. Конституциянын долбоорун Кыргыз АССРинин 1929-жылы апрелде өтүүчү 2-съездине даярдоо тапшырмасы берилди. Жалпысынан алганда дагы үч

түрдөгү долбоор түзүлдү. 1929-жылы 19-февралда партиянын обкомунун Аткаруу бюросу анын тандалган бир долбоорун жактырып КырБАКка жиберет. Конституциянын мурдагы долбоорунун 2-статьясында: «Кыргыз АССРи улуттук автономиялуу республика – жумушчулар менен дыйкандардын эмгекчилеринин мамлекети болуп саналат» – делсе, жаңысында, «эмгекчилеринин» жана «улуттук» деген сөздөр алынып салынган. Себеби, Кыргыз АССРи эми көп улуттуу республика болуп калган. Долбоор 16-апрелде адегенде Аткаруу бюросу, 16-апрелде Кыргыз БАКтын 1-чакырылышынын 5-сессиясы жактырып, 2-съездге сунуш кылышат. 1929-жылы 25-апрелде 2-съездде Кыргыз Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков жетектеген 47 делегаттан турган конституциялык комиссия түзүлөт. Алар делагаттардын ой-пикирлерин эске алуу менен 15ке жакын оңдоолорду киргизишти, 30-апрелде съезд Кыргыз АССРинин 7 бөлүмдөн, 16 главадан жана 97 статьядан турган Конституциянын долбоорун жактырган. Съездге 220 делегат катышкан. Ошол эле жылы 1-июлда Кыргыз БАКтын жаңы Президиуму Конституциянын жаңы текстин анча-мынча оңдоолор менен кабыл алган.

Ошентип 1929-жылдын 30-апрелинде Кыргыз АССРинин Кеңештеринин II-сьездинде республиканын биринчи конституциясы бекитилген. Ал мамлекеттүүлүктү, бийлик органдарынын структурасын жана функцияларын бекемдеген. Конституция мамлекеттин РСФСРдин курамындагы укуктук абалын аныктап, анын коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн мыйзамдык жактан чыңдаган: "Кыргыз АССРи автономдуу республика болуп саналат – эмгекчилер менен дыйкандардын мамлекети, РСФСРдин курамына федерация алкагында турат жана ал аркылуу СССРдин курамына кирет (статья 2).

Сөз болуп жаткан Конституциянын өзгөчөлүктөрүнө, тагырак айтканда айрым бир беренелерине токтололу:

- Бардык басылмалар мамлекет тарабынан каржыланат жана жеке тараптарга китеп, гезит чыгарууга жол берилбейт (статья 5).

- Автономдук республиканын аймагында жашаган ар бир жарандын акысыз билим алууга укугу болгон. Жашоочуларга шарт түзүү вазипасы мамлекетке жүктөлгөн (статья 9).

- Башка өлкөдө саясий куугунтукка кабылып же диний ишениминен улам Кыргыз АССРине качып келген чет элдиктер бул жакта эркин жашоо мүмкүнчүлүк берилген (статья 15).

- Кыргызстандын аймагында ошол учурда жашаган адамдар өз эне тилинде эркин сүйлөөгө жол берилген жана кыргыз, орус тилдери расмий тил болуп саналган. Ал кезде улуттук азчылыктардын да эне тили унутта калган эмес. Мектептерде алардын тилин үйрөтүүгө шарт түзүү милдети бийликке тапшырылган.

- Соттун чечими менен атууга кетсин делгендер, катуу жазалансын деп өкүм чыгарылгандар, революцияга каршы чыккандарга мунапыс берилчү эмес. Амнистияны өкмөт гана жарыялай алган (статья 92).

- Мында жеке ишкерлик кылгандар, диний ишмердүүлүк менен алектенгендер, жеке кызыкчылыгы үчүн соттолгондор, ошондой эле падышалык бийлик маалында күч түзүмдөрүндө иштегендер шайлоодо талапкер болуу жана добуш берүү укугунан ажыратылган (статья 95).

- Автономдук республикада Советтердин съезди эң жогорку бийлик бутагы катары эсептелген. Ал эми аткаруу бийлигинин милдеттери Элдик Комиссарлар Кеңешинин мойнунда болгон. Алардын түрдүү тармакты көзөмөлгө алуусу үчүн Ички иштер, Юстиция, Агартуу, Саламаттыкты сактоо, Социалдык камсыздоо, Жер бөлүштүрүү, Финансы, Элдик чарба жогорку совети, Жумушчу-дыйкан инспекциясы, Эмгек, Соода болуп 11 комиссириат түзүлгөн. Азыркы мезгилге салыштырып айтканда 11 министрлик болгон. Андан сырткары, ага Статистика башкармалыгы, Саясий башкармалык, План комиссиясы да кирген (статья 22, 37).

Конституцияга ылайык, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органы Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди, КырБАК, КырБАК Президиуму, Эл комиссарлар Совети, Эл Комиссариаттары болгон.

Мамлекеттик башкаруунун түзүлүшүн түшүнүктүү кылуу үчүн мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жогорку органдарынын ар бирин карап чыгуу максатка ылайыктуу.

**Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди.** Жогорку бийликтин ээси болуп жылына бир чакырыла турган Советтердин Бүткүл Кыргыз сьезди эсептелет. Советтердин съезди төмөнкү укуктарга ээ болгон: Конституция кабыл алуу (толуктоо, өзгөртүүлөрдү киргизүү), андан ары Советтердин Бүткүл Россиялык съезди тарабынан бекитилет, Кыргыз АССРинин бюджетин бекитүү жана анын аткарылышына көзөмөл кылуу, Кыргыз АССРинин борбордук бийлик органдары жөнүндөгү жобону бекитүү, төмөнкү бийлик органдарынын токтомдорун жана чечимдерин жокко чыгаруу же өзгөртүү, республиканын элдик чарба планын бекитүү, Кыргыз АССРинин БАКин шайлоо, анын курамынын санын аныктоо ж.б.

**Кыргыз АССРнин БАКи.** Советтердин Бүткүл Кыргыз сьездинин аралыгындагы жогорку мыйзам чыгаруучу, башкаруучу жана көзөмөл кылуучу орган БАК болуп саналат. Ал сессия формасында иштеген жана ар бир үч айда сессия Президиум тарабынан чакырылган. БАКтын сессияларынын аралыгында жогорку мыйзам чыгаруучу, башкаруучу жана көзөмөл кылуучу функциясын БАК Президиму аткарган. Ал республиканын БАКнин биринчи сессиясында шайланган.

**Эл Комиссарлар Совети.** Советтердин БАК жалпы республиканы башкаруу үчүн Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советин (ЭКС) түзгөн, ал эми элдик чарбалардын ар башка тармактарын башкаруу үчүн - элдик комиссариаттарын уюштурган. ЭКС өзүнө берилген укуктардын алкагында Кыргызстандын бүт аймагында милдеттүү болгон декрет, токтомдорду чыгара алган. Бирок ЭКС токтомдорун КАССРнин БАК жана анын президиуму жокко чыгара алган. ЭКС республикалык БАКине көз каранды болгон жана баш ийген, ал эми БАК сессиялары ортосунда анын Президиумуна баш ийген.

Мыйзам чыгаруу функциялары бардык жогорку бийлик органдары: Советтердин Бүткүл Кыргыз съезди, Советтердин БАКи, БАК Президиуму жана Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Совети (статья 82) тарабынан жүргүзүлгөн. Мыйзам чыгаруу төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашырылган:

1. Республиканын ички турмушуна байланыштуу мыйзамдарды өз алдынча чыгаруу;
2. Республиканын ички шарттарын эске алып РСФСРдин жалпы федеративдик мыйзамдарын алымча-кошумчалары менен пайдалануу. Жалпы федеративдик мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолор РСФСРдин жогорку бийлик органдарынын бекитүүсүнө муктаж болгон;
3. РСФСРдин мыйзамдарынын негизинде жана аларды аткарууга байланыштуу мыйзамдарды чыгаруу.

Конституцияга ылайык республиканын компетенциясына: Конституцияны иштеп чыгуу жана кабыл алуу, ага өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү, анын сакталышына көзөмөл жүргүзүү, административдик-аймактык бөлүштүрүүлөрдү аныктоо жана аны РСФСРдин жогорку органдарына бекитүүгө алып чыгуу маселелери кирген.

Социалдык-саясий, экономикалык, маданий тармактардагы бардык маанилүү маселелердин чечилиши СССР жана РСФСРдин компетенциясында болгон.

Кыргыз АССРи дээрлик үч баш ийүүнүн алдында калган. Биринчиден республика автономиялуу болгондуктан РСФСРге баш ийген. Экинчиден ал СССРдин курамы болгондуктан союздук органдардын чечимдерине баш ийүүгө милдеттүү болгон. Үчүнчүдөн, республика экономикалык жактан орто азиялык экономикалык комплекстин бир бөлүгү болгондуктан, орто азиялык органдарга – большевиктердин Бүткүл Россиялык Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросуна, Орто Азия суу чарбасына ж.б. баш ийген.

Мындай баш ийүүчүлүк КАССРдин автономиялуулугун абдан чектеген. Экономикалык жана социалдык өнүгүү пландары союздук, россиялык, орто азиялык бийлик органдары тарабынан кабыл алынган, ушуну менен бирге алар көп учурларда карама-каршы келип калган. Муну менен бир мезгилде XX кылымдын 20-жылдарынын аягында СССРде тоталдык режим күч алат, партиялык органдардын ашыкча бийлиги, республикалык бийлик органдарынын борбордук органдар тарабынан өтө катаал камкордукка алынышы күчөйт.

Бул кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүн башкача негизде жандандыруу аракетине алып келет (бирок ал трагедия менен бүткөн).

1929-жылы кыргыз интеллигенциясынын таасирдүү өкүлдөрүнөн башында Абдыкерим Сыдыков турган чакан топ түзүлөт. Алар Социалисттик Туран партиясын түзүүгө аракет кылышат (СТП). Партия лидерлери (А. Сыдыков, А. Шабданов, З. Курманов ж.б.) партиянын программасы менен чакырыгын даярдашкан. Бирок 1933-жылы бул топ толугу менен камакка алынган. Жазалоочу органдардын тергөө иштеринде партиянын аталышын Социал-Туран партиясы деп кыскартылган (социализм идеяларына шек келтирбөө үчүн). Анын бардык катышуучулары атылган. А. Шабданов 1934-жылы, калгандары 1938-жылкы репрессия убагында атууга кеткен.

Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Ж. Абдрахманов орто азиялык федерацияларды түзүү керек деп эсептеген, ал жакка Кыргызстан бирдей укуктар менен кирмек. Бирок ошол кездеги шарттар менен бул мүмкүн эмес эле. Андан кийин 30-жылдардын аягында ал жогорку органдарга Кыргыз АССРин союздук республикага кайта өзгөртүү сунушу менен кайрыла баштайт. СССРдин жаңы конституциясынын долбоорунда (1936-жылы июнда талкууга коюлган) Кыргыз АССРин союздук республика кылып өзгөртүү каралган.

**Адабияттар**:


1. Борбордук мамлекеттик Коомдук-саясий документтер архивинин маалыматтары.
2. Конституция Киргизской АССР. - Фрунзе, 1929.
3. Борубашов Б.И., Галиева З.И. История государства и права Кыргызской Республики. - Бишкек, 2004.
4. Джуманалиев А. Политическое развитие Кыргызстана (20-30-е годы). - Бишкек, 1994.
5. Момбекова Ж.К. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы. - Бишкек, 2003.
6. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. Экзамендик 100 суроого жооп. - Бишкек, 2006.
4. 7.https://sputnik.kg/society/20180505/1039003786/ehn-birinchi-konstituciya-kyrgyzstan.html


**Рецензент: к.и.н., доцент Сатарбаев А.М.**